УДК: 378 (575 2)

**Талантбеков Н.Т.**
И.Арабаева атындагы КМУнун Тарых жана социалдык-укуктук билим берүү факультетинин магистранты
**Талантбеков Н.Т.**
Магистрант Факультета истории и социально-правового образования КГУ им. И.Арабаева
**Talantbekov N.T.**
Masters student of the Faculty of History and Social and Legal Education of KSU named after I. Arabaev

## КЫРГЫЗ ЭЛИНИН КААДА-САЛТТАРЫНЫН “МАНАС” ЭПОСУНДА ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ, ЖУГҮНҮҮ САЛТЫ

## ОТРАЖЕНИЕ В ЭПОСЕ «МАНАС» ТРАДИЦИЙ КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА, ТРАДИЦИЯ ПРИВЕТСТВИЯ

## REFLECTION IN THE "MANAS" EPOS OF THE TRADITIONS OF THE KYRGYZ PEOPLE, A TRADITION OF WELCOME

**Аннотация:** Макалада кыргыз элинин каада-салттарынын “Манас” эпосунда чагылдырылышы жана алган орду тууралуу болмокчу. Бул макаланы жазуудагы максатыбыз бүгүнкү күндө биз колдонуп келе жаткан каада-салттарыбыздын Манас атабыздын доорунда кандай колдонулгандыгын жана айрым салттар Манас атанын мезгилинде пайда болуп, бүгүнкү урпактарга мурас катары калганын аныктоо болуп саналат. Андан сырткары каада-салттардын маанисин чечмелеп, түшүндүрүп берүү, бүгүнкү күндө колдонулуп келе жаткан айрым салттардын өзгөрүп колдонулушун алдын алып, туура жол көрсөтүү. Макалабыздын алдыга койгон максатынын негизинде кыргыз элинин каада-салттарын, үрп-адат, жөрөлгөлөрүн изилдеп, кыргыз элинин энциклопедиясы болгон “Манас” эпосунун классикалык варианттарын жана башка манасчылардын баардык варианттарын казып окуп, аларда чагылдырылган каада-салттарды чечмелеп, мисалдары менен чагылдырып бергенге аракет кылдык. Макаланын жыйынтыгында максатка жараша буга чейин изилденген адабияттарды, материалдарды карап, классикалык вариантка айланган залкар манасчылар Сагынбай Орозбаков менен Саякбай Каралаевдин варианттарын негиз катары алып, алардан жана дагы башка манасчылардын варианттарынан мисалдарды келтирип, эпостон алган ордун аныктап бердик. Макалабызды жазардан мурда алдыга койгон максатына жеттик деп айта алабыз.

**Аннотация:** Статья посвящается к традициям кыргызкого народа, их роли иллюстрированных в Эпосе Манас. Целью данной статьи является выяснить как использовались нынешние традиции во времена нашего предка Манас и как эти традиции появились в его время, сохранившиеся наследством до наших времен. Более того, статья направлена на интерпретацию традиций, предотвращению неправильных использований традиций в нынешнее время и направлять на правильное русло. В результате данной статьи использовав исследованные литературы, на основе материалов классических сказителей как Сагынбай Орозбакова , Саякбай Каралаева и варианты других сказителей Манаса, определили роль традиций в эпосе.

**Annotation:** Our given article is dedicated to the traditions of the Kyrgyz people, their role illustrated in the Epic of Manas. The purpose of this article is to find out how the current traditions were used during the time of our ancestor Manas and how these traditions appeared in his time, preserved by the legacy to our times. Moreover, the article aims at interpreting traditions, preventing misuse of traditions in the present time and directing them on the right track. As a result of this article, using the studied literature, based on the materials of classical storytellers such as Sagynbay Orozbakova, Sayakbay Karalaeva and versions of other storytellers of Manas, determined the role of traditions in the epic.

**Түйүндүү сөздөр:** Жүгүнүү, каада-салт, ырым-жырым, жөрөлгө, милдет, келин, кайын ата, кайын эне, салам берүү, ызаат көрсөтүү, сылыктык, гуманизм, назиктик, бата берүү, орун очок алуу, ак этек жалгоо, колду көкүрөккө алуу, тик арабоо, үнүн бийик чыгарбоо, жесир, бели сынуу, көспант, аспи, варваризм ж.б.

**Ключевые слова:** Поклоны, ритуалы, церемонии, обязанности, невеста, тесть, свекровь, приветствия, почтение, вежливость, гуманизм, нежность, благословение, низкий голос, конь, варварство и т.д.

**Keywords:** Bows, rituals, ceremonies, duties, bride, father-in-law, mother-in-law, greetings, respect, politeness, humanism, tenderness, blessing, deep voice, horse, barbarity, etc.

Кыргыз элинин адабиятынын жалпы алкагында 20-кылымдын 20-жылдарынан К.Мифтаковдон баштап элдик оозеки адабиятында салт ырларынын маанилүү орду бар экенин аныктап, классификациялоону баштагандан бери кыргыз фольклористикасында бул тема ар кыл багытта изилденип келе жатканы талашсыз. Маселеге З.Бектенов, Т.Байжиев, А.Тайгүрөңов, К.Рахматуллин, М.Богданова, С.Мусаева, Ж.Таштемиров, Б.Кебекова, А.Акматалиев, Т.Танаев жана башка кыргыз окумуштуулары каада-салт ырларын элдик оозеки чыгармачылыктын бир жанры катары карашып, түрлөргө жана жанрларга бөлүштүрүп изилдешкен. Мына ушул окумуштуулардын ар биринин эмгегине көз жүгүртө турган болсок сөзсүз “Манас” эпосу жөнүндө айтылган ойлорду жолуктурабыз. Мындан улам кыргыз элинин каада-салт, үрп-адаттарынын маңызы эпосто деп билсек болот.

Демек, кыргыз каада-салты биздин руханий маданиятыбыздын туу чокусу болгон “Манас” эпопеясында да кеңири чагылдырылган. “Манас” эпосундагы каада-салтыбызды таанып билүү жана изилдөө теманын актуалдуулугун түзөт. Бүгүнкү күндө адамзат коому билим алуу менен интеллектуалдыктжактан өсүп, тез өнүгүп жашоо үчүн абдан ыңгайлуу шарттар түзүлүүдө. Адам баласы улам убакыт өткөн сайын мыйзам ченемдүү эволюциялык жол менен өйдө карай өсүүдө. Адам өзүнүн техникалык жана интеллектуалдык потенциалы менен бүгүнкү күндө эң чоң күчкө айланган. Бирок, бүгүнкү күндө адам баласы саясий, социалдык, экономикалык, экологиялык, эң негизги руханий туңгуюкка келип такалып турат. Глобалдашуу процесси өзүбүздүн интелектти өстүрүү менен алектенип адамзаты үчүн эң баалуу нерселерди унутпашы керек. Адамзаттык баалуулуктар мезгил жана мейкиндикте баш ийбей турган, эч өзгөрүүсүз жүрөгүбүздө жашай турган түшүнүк. Чынчылдык, сүйүү, айкөлдүк, акыйкатуулук, атуулдук, боорукердик, сабырдуулук жана башка мыкты сапаттарга тарбиялоо кыргыз элинде улуттук каада-салт, ырым-жырым, салт-санааларга негизделген. Демек, адамзаттык баалуулуктарды даңазалоо, ошол жалпы адамзаттык идеяларды ишке ашыра турган көркөм туундуларды жаратып, турмуш чындыгын таанытууга умтулуу негизги максат катары кароо актуалдуулукту жаратат.

Кыргыз эли каада-салт, үрп-адат, ырым-жырымдарга өтө бай келип, аларды дайыма турмушунда эриш-аркак колдонуп келет эмеспи. Бул нерсе кан-жаныбызга сиңип, адатка

айланып калган. Бабабыз колдонуп келген салт-санаалар бүгүнкү күндө да кеңири колдонулуп, өз маанисин жоготпой сакталып келе жатат. Көөнөрбөс кенчибиз “Манас” эпосун кыргыз элинин энциклопедиясы деп бекеринен айтпайбыз. Андан кыргызга тиешелүү ар кыл багыттагы маалымат издесең дароо таап, акыл куржунуң толо түшөт. Элибизде адатка айланган салт-санаалардын, ырым-жырымдардын, жөрөлгөлөрдүн көпчүлүгү Манас бабабыздын доорунда пайда болгон десек жаңылышпайбыз. Мына ушул нерсени тастыктоо, элге жеткирүү максатында изилдөө ишибиздин багытын ушул темага бурдук. Анда учурда да өзүнүн маанисин жоготпой келе жаткан кыз-келиндердин жүгүнүү салты кандайча пайда болгону тууралуу айтууну туура көрдүк.

Жүгүнүү салам берүү, улууларга жаштардын ызааты, жаш келиндердин кайнагаларына, кайын аталарына, деле сакалдууларга кашкайып барып, кол берип, колун бекем кысууга караганда эки колун бooруна алып, ийилип коюу эмне деген сылыктык, назиктик. Ушинтип, жүгүнүүнү эл өзү шайлаган. Уяң жаш колуктулар үчүн ушунун өзү даана, так, төп жобо болуп, улам кийинкилерге өткөн.

Жүгүнүү келин кайын ата, кайын эне, күйөөсүнүн баардык улуу эркек жана аял туугандарына, кайын энесинин туугандарына учурашуусу. Келин күйөөсүнөн “аяу алып ичерлик улуу”, тактап айтканда жашы жагынан бир аз гана улуу эркек туугандарына да жүгүнүүгө милдеттүү болгон. Бирок, алар өздөрү макулдук берип жүгүнбөшүн суранышканда гана аларга жүгүнүүнү токтото алган. Айрым бир учурларда келин ыраазычылык билдирүү үчүн да жүгүнгөн. Келин келин кимге багыштап жүгүнсө, ал киши буга жооп кылып, “өмүрлүү бол”, “көп жаша”, “кудай тилегиңди берсин”, “этегиң жалгасын” деп алкоого, ыраазычылык билдирүүгө тийиш. Ал эми келиндин жүгүнүүсүн жоопсуз калтырып, байкамаксан болуп кетип калуу бул кыргыздын салттык этикетинде өтө чекилик иш болуп саналган [39, 79-б].

Жүгүнүү ачкарын бата алуу. Улуулардын баталары өзүнчө керемет болуучу: “Алдыңды бала бассын, артыңды мал бассын. Алганың менен тең кары. Ак этек бол”. Мына ушундай баталар “кыдыр даарыгандай” келип, келин келген жеринен орун-очок алып кала турган. Ошол үчүн “келин-кесектер кайын-эне, кайын аталарын пир тутуп, бийик көрүп сыйласа аларды кудай сыйлайт”, - дейт карылар. Келген келиндин улууларга жүгүнүүсү бул анын гумандуулугунан (Гуманизм – адам, инсан катары баалуу, ал эрдикке, бакыт-таалайга акылуу, теңдик, адилеттик, адамгерчилик адамдар ортосундагы кадыресе мамиле болууга тийиш деп эсептеген өзгөрүп туруучу тарыхый көз караштар системасы) кабар берет.

Дегинкиси, ыймандуу ургаачыда эмне айып! Жаңы бүлө, албетте, көпчүлүктүн көз кырында турат. “Келиниң кандай чыкты?” – деп абысындар сурашат, жакшы санаалаштар баамдашат. “Кудай буйруктуу кылсын, көз жарып берсе, ошолордун балдарын эрмек кылсак...”. Карыларга жаккан келин жаманбы? Эси жоктору эми деле элин, жерин, урук-туугандарын, ата-энелерин, кеп-сөзгө калтырып жатпайбы. “Каапырдын көзү жаман, жүгүнмөк турсун кишини тик карайт” – деген сөздөр да айтылат.

Жүгүнүү орун-очок алуу, отурган жеринен ак этек табуунун өбөлгөсү. Төркүн-төсүнүн маңдайын жаруу. Келген үйүнүн, барган жеринин көңүлүн агартуу. “Иши оңолор үйдүн ити чөп жейт, иши кыйчалышаар үйдүн келини уруу кылат” – дейт.

Жүгүнүп, ыймандуулукту чексиз кармаган келиндер эми деле маңдайлаш отурбайт. Тик карабайт, үнүн көтөрүңкү чыгарбайт. Тамакты адептүү сунат. Мына ушулар жүгүнүп ызаттоонун чыныгы белгилери болуп саналат [5, 36-бет]

“Келиндин кайын журтуна жүгүнүүсү келиндин өзү же күйөөсү каза болгонго чейин уланган. Кыргыздарда адат боюнча күйөөсү өлгөн жесир аялды “бели сынды” деп

жүгүндүрүшкөн эмес. Мындай өтө жаш жесир калган аялга да тиешелүү болгон. Бирок, келиндер маркум жолдошунун арбагын сыйлоо катарында кайын журтуна жүгүнүп, сый көрсөтүүнү уланта беришет. Эгерде, аял киши картайып калса, ошол уруудагы улуу кишилерден көзү тирүүлөрү бар болсо, аларга карыганда да жүгүнүшөт. Бул бири-бирине болгон сыйды өмүрү өткөнчө сактагандык болуп саналат [50, 95-б].

Кыргыз элинин салттык этикетинде келиндерге төмөнкүдөй учурларда жүгүнүүгө тыюу салынган:

-Жесир кайрадан турмушка чыккандан кийин жүгүнгөн эмес. Бирок, нике кыйылгандан кийин кайын тарабы чай куюлган идиш, тамак-аш сунуп, "балам мындан кийин мурункуңдай жүгүнүп жүр, муну ич" – деп бергенден кийин, келин ал үй-бүлөгө толук кабыл алынып, кайрадан жүгүнүп баштайт. Эгер, улуулар тарабынан мындай дебесе, анда жүгүнгөн эмес.

-Келин үйдө бирөө каза болсо, өзү дайыма жүгүнүп жүргөн адамдарына сөөктү жерге берип келгенге чейин жүгүнгөн эмес. Мындай учурда жүгүнүү жамандыкка жүгүнгөндөй, ага моюн сунгандай болот деген ишенимде болушкан. Качан жерге берилип, ырым-жырымы бүткөндөн кийин гана кайрадан жүгүнүп башташкан.

Келиндин жүгүнүү салты Манас Карабөркту алып Алтайга кайтып бара жатканда жолдон эсеттиктер соогат сурап келишип, 2000 көспант, 500 аспи алышты. Бул жерде кой, жылкынын чет тилден келген мисалдан варваризм (Варваризм (гр. Barbarous - чет элдик) – чыгарма жаралган (жазылган же айтылган) элдин тилине мүнөздүү эмес чет элдик сөздөр, ошондой эле ал тилге башка тилдерден кабыл алдынган сөздөр, сөз айкаштары) түшүнүгүн билебиз. Аны көрүп, Ороздунун 10 уулу өздөрүнчө ардыкты. «Бул Манас кытайды жалгыз чапкансып, же малы бекер жаткансып, бул эмне кылганы?» - дешип, калган жылкы менен кара малды талап кетет. Аны көрүп, Чалыбай, Абдылда, Мажик, Чалик, Агыдай, Төлөктөр атка минип, артынан чаап жөнөдү эле, Бакай баарын токтотуп калды да, артынан бармак болуп күүлөнүп калган Манастын үстүнө кирди. Бакайды көргөн Карабөрк мурда аны жарадар кылып кылган ишинен уялып, колун бооруна алып таазим этти да, чыга качты. Кайнагадан качуу салты же келиндин кайын журтуна жүгүнүү салты ушундан соң кийинкиге өрнөк болуп калды.

"Заманада бир кезек
Кайнагадан каччу эле
Келиндердин баарысы,
Үлгү болуп калганы.
Аткан ок үчүн уялып
Карабөрк качты Бакайдан,
Жаңы келген келиндер
Кайнагадан качам - деп,
Убара болду канча жан [44, 324-б].

Жүгүнүү салты эпосто мына ушундай чагылдырылган.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Акматалиев А. Баба салты, эне адеби. Б. 1993-ж. 220 бет.
2. Молдокулова Д.Т. Кыргыздардын салттык жүрүм-турум маданияты Б. 2016-ж.149 бет.
3. Орозбаков С. "Манас". Б. 2010-ж. 1839 бет.
4. Таабалдыев А. Салт жөнүндө ой. Ф. 1979-ж. 226 бет.


**Рецензент: т.и.к., доцент Жапаров А.З.**